Политология

УДК 32.322. (348.71)
DOI: 10.52754/16947452_2022_2_125

# КЫРГЫЗСТАНДА МАМЛЕКЕТТИН ДИНГЕ БОЛГОН МАМИЛЕСИ ЖАНА ТЕНДЕНЦИЯЛАРЫ

*Козукулов Тимур Алимбекович, саяс.и.к., доцент,*
*t.kozukulov@oshsu.kg*
*Жумабай уулу Ибрахим, магистрант,*
*Ош мамлекеттик университети,*
*Ош, Кыргызстан*
*ibrahim.kgz.1993@gmail.com*

***Аннотация:*** *Бул макалада Кыргыз Республикасынын мамлекеттин дин чөйрөсүндөгү саясаты каралат. Ошондой эле кыргыз коомчулугунда диндин орду менен таасирлери да анализденет. Дин менен мамлекеттин байланышы жана кызматташтыгы өткөөл процессте жеңил боло албайт. Диний аң-сезим дайым коомчулуктун жүрүм-туруму менен коомдук жашоосуна күчтүү таасир тийгизери анык. Коомдук-саясий турмушта дин фактору дайым болуп келген. Диний аң-сезимдин ар түрдүү болуусу эч качан дүйнөдө бирдиктүү боло алган эмес. Диний түшүнүктөрдө дайыма географиялык жана саясий көз караштардан улам айырмачылык болуп келген. Ошол айырмачылыктар географиялык аймактарда жайгашкан мамлекеттерге оң жана терс таасирин тийгизүүдө. Ал саясат таануу же коом таанууда тенденция деп айтылат. Макалабызда жогоруда айтылган проблематикаларды илимий анализдегенге аракет жасайбыз.*

***Ачкыч сөздөр:*** *Кыргыз коому, дин, ислам, муфтият, дин саясаты.*

# ГОСУДАРСТВЕННЫЕ ОТНОШЕНИЯ К РЕЛИГИИ И ТЕНДЕНЦИИ В КЫРГЫЗСТАНЕ

*Козукулов Тимур Алимбекович, к.полит.н., доцент,*
*t.kozukulov@oshsu.kg*
*Жумабай уулу Ибрахим, магистр*
*Ошский государственный университет,*
*Ош, Кыргызстан*
*ibrahim.kgz.1993@gmail.com*

***Аннотация:*** *В этой статье рассмотрена государственная политика в Кыргызской Республике в религиозной сфере. Также проанализирована роль влияния религии в кыргызском обществе. В переходный период отношения и сотрудничество между религией и государством не может быть простым. Понятно, что религиозное сознание всегда оказывает сильное влияние на поведение и социальную жизнь общества. Религия всегда была фактором общественно-политической жизни. Многообразие религиозного сознания никогда не было единообразным в мире. Религиозные концепции всегда различались по географическим и политическим взглядам. Эти различия имеют как положительное, так и отрицательное влияние на государства, расположенные в*

*географических районах. В политической или социальной науке это называется тенденция. В нашей статье мы постараемся научно проанализировать вышеупомянутые проблемы.*

***Ключевые слова:*** *кыргызское общество, религия, ислам, муфтият, религиозная политика*

## STATE RELATIONSHIP TO RELIGION AND TRENDS IN KYRGYZSTAN

*Kozukulov Timur Alimbekovich, PhD, associate professor,*
*t.kozukulov@oshsu.kg*
*Zhumabai uulu Ibrahim, master,*
*ibrahim.kgz.1993@gmail.com*
*Osh state university,*
*Osh, Kyrgyzstan*

***Abstract:*** *This article discusses the state policy in the Kyrgyz Republic in the religious sphere. And also analyzed the role of the influence of religion in Kyrgyz society. During the transition period, relations and cooperation between religion and the state cannot be simple. It is clear that religious consciousness always has a strong influence on the behavior and social life of society. Religion has always been a factor in social and political life. The diversity of religious consciousness has never been uniform in the world. Religious concepts have always differed in geographical and political views. These differences have both positive and negative effects on States located in geographical areas. In political or social science, it's called a trend. In this article, we will try to scientifically analyze the above-mentioned problems.*

***Keywords:*** *Kyrgyz society, religion, Islam, muftiate, religious policy*

### Киришүү

Постсоветтик чөлкөмдө учурдагы КМШга мүчө өлкөлөр демократия менен советтик аң-сезим түшүнүгүнүн ортосунда өз жолдорун табууга аракет кылып келүүдө. Коомдук-саясий турмушта улуттук кызыкчылыктар менен баалуулуктарын эске алуу менен дүйнөлүк ааламдашуу процессинде өз ордун табууга аракет жасашууда. Ийгиликтер жаралганы менен кемчиликтер да жок эмес. Кээде олуттуу кемчиликтерди да көрүүгө болот. Постсоветтик мамлекеттерде динге болгон мамиледе демократиялуулук берилген, бирок аң-сезим дагы деле советтик түшүнүктө кетип жаткандай сезим калтырууда. Орто Азия чөлкөмүндө жайгашкан мамлекеттер өз алдынча динге карата саясат жүргүзгөнү менен баарынын унгусу же башкача айтканда өзөгө бирдей болууда деп айтсак жаңылышпайбыз. Себеби динди жөнгө салуучу органдардын кызматкерлери коммунисттик аң-сезимден толук кандуу айрыла элек. Дагы деле дүйнөгө болгон көз карашы советтик оптика аркылуу жүрүүдө. Диний пробеламалар бардык Орто Азия мамлекеттеринде бирдей. Ал проблемалар чоң көйгөй катары көрүнбөгөнү менен бара бара коомдук стабилдүүлүккө кедергисин тийгизбейт деп эч ким кепилдик бере албайт. Орто Азия өлкөлөрүндө динге карата катуу кол болууда. Ал эми Кыргызстан

динге карата эгемендүүлүктүн алгачкы күнүнөн баштап эле жумшак жана сылык мамиле жасап келген. Ошондуктан, дин фактору Кыргыз мамлекетинин коомдук баалуулуктардын өзөгүндө жайгашкан деп айтууга болот. Дин кыргыз коомунун саясий-коомдук жашоосундагы өз ара мамилелерди жөнгө салган элементтердин бири экендигин белгилеп кетүү абзел. Кыргызстан коомдук-саясий турмуштун укуктук, атуулдук коом түзүүнү максат кылуу менен бирге динге либералдуу эркиндикти да тааныган. Мына ушул жагдайлардан улам Кыргызстан "Демократиянын аралчасы" деп аталып калган деп айтууга болот. Эгемендүүлүктүн алгачкы күндөрүнөн баштап учурга чейин кыргыз мамлекети дин жаатаныда көптөгөн тажрыйбаны башынан өткөрдү. Тунгуч президент Аскар Акаев 2004-жылы ноябрь айындагы Коопсуздук Кеңештин жыйынында "Түрмөдө адамдар кылмыштары үчүн отурат, ал эми көз карашы жана ишеними боюнча бир да адам жок" [2, 69ст] деп айткан болчу. Кийинки президенттердин учурунда бийликтин динге болгон мамилелери башка нукта өзгөргөндүгүн айтууга болот. Алгачкы жылдардагы дин чөйрөсүндөгү мамлекеттин саясаты туура эмес деп таанышкан [9, 177ст]). Кыргызстанда диний абал мезгил өткөн сайын өзгөрүп турду. Жагдайга карап дүйнөдө болуп жаткан процесстин таасиринен улам диний тенденция ар кыл формага айланып жатты. Кыргызстандагы диний тенденция башка Орто Азия өлкөлөрүнө салыштырмалуу өзгөчөлөнөт деп айтууга болот.

Белгилүү болгондой акыркы жылдары Кыргызстанда дин менен мамлекеттин ортосундагы байланыш кандай болуш керек деген талаш-тартыш жүрүп жатат. Бул багытта баары эле кандайдыр бир салым кошууну энсеп келүүдө. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдары Кыргызстанда дин менен мамлекеттин байланышы либералдуу принципте курулган. [3, 1129ст]. Кыргызстан Орто Азия өлкөлөрүнөн айырмаланып жаңыча жандоону туура көргөн болчу. Дин-мамлекет байланышы тууралуу кыргыз мамлекети акыркы учурларда жаңычылыктарды киргизүү менен эски түзүлүштөрдү өзгөртүүгө аракет жасоодо. Бирок азыркы учурга чейин толук кандуу модель таба элек. [10, 91ст].

**Материалдар жана изилдөө методдору**

Кыргызстанда диний жаатта көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп келүүдө. Негизинен дээрлик көпчүлүк изилдөөлөр социология жана саясат таануу жаатында болгондугун айтууга болот. Изилдөө темалары негизинен "дин жана мамлекет", "дин менен мамлекеттин байланышы", "диний билим берүү" ж.б.у.с. Актуалдуу катары дайым талкууланып жана анализ жүргүзүү "Диний экстремизм жана терроризм" түшүнүгүнүн призмасы аркылуу жасалгандыгын белгилеп кетүү абзел. Саясат таануу же коомдук багытта

эксперттик илимий анализине диний экстремизм терминологиясы аркылуу жүргүзүү менен изилдөөчү өзүн абройлуу көрсөткүсү келгендей сезимдерди калтырууда. Батыштан гранттарды алып иш алып барууда да диний экстремизм проблемасын чечүү деген түшүнүк аркылуу жүргүзүлүп келүүдө. Диний жаатта изилдөөчүлөр негизинен өздөрүндө диний билими базалык деңгээлде да жок деп айтсак жаңылыш болбосо керек. Ал изилдөөчүлөр россиялык жана батыш изилдөөчүлөрдүн макала жана эмгектеринин негизинде жүргүзүшөт. Ал эми чет өлкөлүк изилдөөчүлөрдүн ислам дини боюнча чыгыш таануучулук багытында болсо да кандайдыр деңгээлде базалык маалыматы бар экендигин белгилеп кетүү керек. Кайсыл бир тармакты изилдөө үчүн жок дегенде ал жөнүндө базалык билим же маалыматка ээ болуу керек деген түшүнүктү эч ким жокко чыгара элек. Демек илимий изилдөө жүргүзүп, анализди туура чыгаруу үчүн сөзсүз базалык маалымат же билим талап кылынат. [4, 8ст].

Кыргызстандагы мамлекет менен дин байланышын же саясатын изилдеген көптөгөн изилдөөчүлөр бар. Аларды бир канча категорияга бөлүүгө болот. Алар батыш, россия, Орто Азия жана кыргызстандык изилдөөчүлөр. Методикалык жактан бирдей болгону менен ар ким өз парадигмалары аркылуу карашат маселени. Алардын илимий жандоолорунда (подход) бири бирине карама каршы келген айырмачылыктар да бар экендигин белгилеп кетүү керек. Батыш менен россия жана Орто азия менен кыргызстандыктардын изилдөөсүндө бир топ артыкчылык менен кемчилдиктерди көрүүгө болот. Батыш изилдөөчүлөрү менен батышчыл билим алган кыргыз изилдөөчүлөр маселени антропологиялык метод менен карашат. Индивидден жалпылоого аракет жасашат. Мындай жыйынтык кандайдыр өз жемишин жакшы берип жаткандыгын көрүүгө болот. Ал эми россия жана СССРдин доорунда билим алгандар комплекстүү жалпылап карашат. Ар кимиси өз парагдигмалары аркылуу чыгарган жыйынтыктарын жашоого реалдуурак деп эсептейт. Бул жерде методика жана терминологиялык аныктамада айырмачылыктар бар деп айтууга болот. Ал тууралуу мисалды макалабызда беребиз. Эгемендүүлүктөн алгандан кийин кыргызстанда динге байланыштуу маселелер боюнча изилдөөлөр активдешкен. Батыш менен россиялык изилдөөчүлөр диний маселеге байланыштуу изилдөөлөрүн Орто Азия чөлкөмүн бир бүтүндүк катары жүргүзүшөт. [8, 5ст].

Кыргызстандагы жалпы эле орто азия чөлкөмүндөгү диний абалды башка ракурс менен караган изилдөөчүлөр да бар. Алар негизинен диний абалды анализдөөдө экстремизм, терроризм, фундаментализм, салафизм жана саясий ислам, исламизм сыяктуу өнүттөгү терминдер аркылуу карашат.

Бардык болуп жаткан диний тенденцияны жогоруда аталган терминологиялар аркылуу жүргүзүшөт деп айтууга болот. Андай изилдөөчүлөрдүн арасында кыргызстан, орто азия өлкөлөрүнөн, Россия жана батыштан бар. Мисалы А. Малашенко, Б. Бабаджанов, М.Б. Олкот. [7, 47ст]. Америкалык изилдөөчү Грэм Фуллер саясий ислам жана исламизм терминологиясынын негизинде караган. [13, 17ст]. Ошондой эле акыркы учурда жогорудагы терминдерге жаңы “неосалафизм” жана “неофундаментализм” түшүнүктөрү кошулду. Француз изилдөөчү Оливер Рой дагы дин жана мамлекет тууралуу изилдөөлөрүн терминологиялар аркылуу анализдегенге аракет жасаган. Ал фундаментализм жана неофундаментализм терминологиясынын призмасы аркылуу анализдеген. [6]. Ал термин 20-кылымдын акыркы чейрегинде илимий колдонууга киргизилген. Неофундаментализм термини аркылуу да анализдер жасалып жатат. Мусулман дүйнөсүндө болуп жаткан тенденцияга да орта азия чөлкөмүндө негизинен мусулмандар жашагандыктан жалпынын бир бөлүгү катары карап жатышат. Ал эми орто азиялык изилдөөчүлөр орто азия мусулман дүйнөсүнөн айырмаланат деген көз карашты алдыга сүрөөдө. Анын негизги өзгөчөлүгү катары “Салттуу ислам” түшүнүгүнө ээ болгондугун алдыга сүрөөшүдө. “Салттуу ислам” түшүнүгү тууралуу бири биринен айырмаланган көз караштар бар. Ушул эле салттуу ислам термин батыш изилдөөчүлөрүнүн аныктамасы [12, 32ст] постсоветтик өлкөлөр менен өтө чоң айырмачылыкты көрүүгө болот [4, 13ст].

**Талкуу жана жыйынтык**

Негизи эле дин менен мамлекеттин байланышы кандай болуш керек деген суроого жооп дайым изделүүдө. Изилдөөчүлөр Орто Азия мамлекеттериндеги дин жана мамлекет байланышын же түзүлүшүнө өз көз караштарын билдирип келүүдө. Мындай деген пикирди билдиришет: фундаменталисттер талап кылгандай ислам тарыхынын баштарына кайтуу мусулман жамаатынын өз келечегин курууга жолтоо болот. Ошондуктан, Орто Азия мамлекеттеринин “секулярдык консенсусту” сактоосу башкача айтканда мамлекеттин светтик түзүлүшүн колдоо коомдук консенсусу маанилүү экендигин айгинелейт [5, 442-43ст]. Ал эми Борбордук Азия регионунун ислам боюнча адис Ширин Акинер (Улуу Британия) постсоветтик Борбордук Азия мамлекеттери колдогон ислам, анын муктаждыктарына кызмат кылган динге айлантуу аракети деп эсептейт. Учурда бардык Борбордук Азия өлкөлөрүнүн конституцияларында мамлекет динден ажыратылган принцибин камтыганына карабастан аймакта ислам мамлекеттик идеологиянын курамдык бөлүгү статусуна ээ экендигин белгилейт. Анын себеби өзүн дискридация кылган марксизм-ленинизмден

кийин боштук калган идеологиялык вакуумда ар кандай “идеология анархия” пайда болуп чыр-чатактын ар кандай түрлөрү чыгуусуна түрткү болушу мүмкүн эле. Ошондуктан, Борбордук Азия өлкөлөрүндө ислам улуттук мурастын бир бөлүгү жана ошондой эле улуттук мамлекеттүүлүктүн адептик этикалык фундаменти катары ролун айгинелеген кампания баштатышкан [1, 105-106ст]. Кыргызстанда дин мамлекеттен ажыратылган болсо да, мамлекет башчылары дайыма диний иш чараны колдоп келген. Кээде ачык жүргүзгөн. [11, 207ст].

Акыркы учурда кыргызстанда Ислам динине басым жасап изилдөөгө алгандар көп деп айтууга болот. Кеминде ушул багыт ар кандай изилдөө жүргүзүп келүүдө. Негизги басым мамлекет жана дин же дин менен мамлекеттин байланышы тематикасы астында илимий боек берип келүүдө. Бардык түшүнүк светтүүлүк термини аркылуу жүргүзгөнгө аракет жасашат. Светтүүлүк принциби аркылуу жасабаса кандайдыр бир диний идеология тарабын кармангандай сезим калтырганга аракет кылышат. Негизги проблема келечекте ислам радикализми жана экстремизмин кыргызстан аймагына кеңири жайылуусун алдын алуу деп 2014-2020-жылдар аралыгында КРнын Дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаты концепциясына бакыйтып киргизип алышкан. Ал 3 багыттын бирөөсү. Ошол багытта мамлекет иш жүргүзүүсү тууралуу жоболор көрсөтүлгөн. Ошол концепциянын негизинде дин таануу жана диний билим берүү тууралуу концепция иштеп чыгышкан атайын түзүлгөн топ. Ал концепцияда дүйнөлүк деңгээлдеги диндер тарыхы же дин таануу предметинин принциптерин карманган. Жергиликтүү аң-сезим же түшүнүктөр көз жаздымындан чыгарып салынган. Негизги көйгөй Ислам фундаментализми жана экстремизмин алдын алуу эле. Эмне үчүн аны камтыган маселелер киргизилген эмес деген суроого, биз светтүүлүк принциптерди кармандык деген жоопторун беришкен. Ал эми 2020-жылы концепциянын 5 жылдык мөөнөтү бүткөндүгүнө байланыштуу кайрадан концепция иштелип чыгып, аны деле светтүүлүк негизде дин таануу оптикасында каралат деген ойлоп айтылган болчу. 2020-жылы бийлик алмашкандан кийин жогорку бийлик тарабынан адеп-ахлак, ыйман тагыраак айта турган болсок ислам баалуулуктарына (исламды түз айтпаса да белгилүү) басым жасалат деген ойлору айтылгандан кийин жогорудагы пикири дин таануу оптикасы аркылуу көз карашындан баш тартышкан эмес, бирок ислам баалуулуктарына басым жасалып адеп ахлак окутулат деген ойду кошуптур. Мурда светтүүлүк принциби деп такыр жакындатчу эмес. Анын себеби 2017-жылы жаз күз мезгилинин акыркы күндөрү Ош шаарында Санрайз гостиницасынын конференция залында жумушчу топ тарабынан дин саясаты концепциясынын негизинде иштелип чыккан Дин таанууну

окутуунун концепциясын талкуу уюштурулган. Негизги маселе дин саясаты концепциясында исламга байланыштуу көйгөйлөрдү алдын алуу эле, эмне үчүн жалпы дин таануу түшүнүгү кирип калган деген ойго жумушчу топ биз светтик мамлекетпиз, ошондуктан дин таанууну нейтралдуулук үчүн негиз алдык деген ойлорун айтышкан. Эми акыркы учурларда көз караштарынын өзгөртүлгөнүн көрүүгө болот. Мамлекеттин динге болгон саясаты бийликтин башында турганга жараша болуп келе жатканын айтууга болот. Бирок дин кызматкерлерине башынан кандай мамиле жасалып келе жаткан болсо, ошол бойдон өзгөрүү жок эле уланып келүүдө. Дин кызматкерлери дагы жаңы шарттарды өздөштүргөнү менен алардын аң-сезим жана ишмердүүлүгүндө эч кандай өзгөрүү жок экендигин көрүүгө болот. Бардык болуп жана жасалып жаткан динге байланыштуу иштер белгилүү кызыкчылыктын негизинде гана жүрүп жаткандай сезим калтырууда. Акыркы 10 жылдыкта мамлекеттин динге карата саясатында көп тенденциялар ишке ашты. Жумушчу топтоп иштеди, бирок мамлекет менен диндин ортосундагы мамиледе өзгөрүү анча болбогондой. Себеби ал маселеге жогоруда белгилегенибиздей дин менен мамлекеттин ортосундагы байланышты анализдеп, концепцияны иштеп чыгууда дагы деле светтик же радикализм оптикасы аркылуу кароо өзгөрбөгөн. Диндин табиятын түшүнүп билип анан туура анализ жүргүзүп сунуштарды иштеп чыгуу ишке ашпай келет.

**Корутунду**

Кыргызстанда диний маселени изилдөө дин таануу же диндер тарыхы оптикасы аркылуу жүргүзүлөт. Проблеманы туура аңдап туура анализ берүү үчүн сөзсүз объекттин маңызын тагыраак айтканда табиятын изилдеген адам жакшы билүүсү шарт. Кыргызстанда ошол эле изилдөөчүлөр проблеманы жана келечекте чыга турган көйгөлөрдү ислам менен байланыштырат. Ал эми жандоосу (подход) дин таануу бойдон улантылып келүүдө. Кыргызстан көп кылымдар бою ислам менен жашап келген. Ошондуктан, аны көз жаздымындан чыгарып салуу туура эмес. Ал эми диний жагдайды жакшы анализдеп коомду туура багытка буруу ал сөзсүз исламдын табиятын таанып билүү аркылуу болот деп айта алабыз. Исламды түшүнбөй туруп мамлекет менен диндин байланышын аныктоо туура эмес болуп калат. Азыркы учурда дин менен мамлекеттин байланышы атеисттик көз караштагы оптика менен жүргүзүлүп жатат.

**Адабияттар**

1. Акинер Ш. . Поиск рационального соотношения между религиозностью и светскостью в постсоветских мусульманских государствах. //Ислам и светское государство. 2003.Ташкент.
2. Козукулов Т. Проблемы борьбы с религиозным экстремизмом в условиях глобализации в Ферганской долине. Ош. 2008. 140 с.

3. Козукулов Т.  Основные принципы взаимоотношения религии и государства в Кыргызстане. Молодой ученый, 2016. №10 С. 1129-1132.
4. Козукулов Т. Саясий ислам: тарыхтан учурга чейин. –Бишкек: Рекламир. 2018.  350
5. Россия – Средняя Азия: Политика и ислам в конце XVII – в начале XXI века. (2013).  –Москва: Издательство Московский университет. /Авторский коллектив: Ф.М. Мухаметшин (руководитель авторского коллектива), С.Н. Абашин, Д.Ю.Арапов, Б.М. Бабаджанов, В.А. Германов, В.А. Иванов, Р.Н. Шигабдинов. 480.
6. Руа О.  Глобализированный ислам: в поисках новый уммы. –2018. Москва: Фонд Марджани. 338.
7. Малашенко А. Исламская альтернатива и исламский проект. Москва: Издательство Весь Мир.2016. 221 с.
8. Ушаков В. Политический ислам в Центральной Азии. –Москва-Бишкек: Издательство КРСУ. 2005 208 с.
9. Kozukulov T. Bağımsızlık Öncesi Ve Sonrası Kırgız Toplumunda Din Ve Dinî Kurumlar Üzerine Bir Analiz. Hitit Üniversitesi İlahiyat Fakültesi Dergisi, 19/1, 2020. C.173-206. https://doi.org/10.14395/hititilahiyat.669036
10. Kozukulov T.  Kırgızistan'da Devletin Din Siyaseti /The Religion Politics of the State in Kyrgyzstan. Akademik Hassasiyetler, 4 (7), C.85-104. https://dergipark.org.tr/en/pub/akademik-hassasiyetler/issue/29493/305489
11. Kozukulov T.  Kirgizistan'da Dini Kurumsallaşma Ve Toplum. Ağrı İbrahim Çeçen Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Dergisi, 2015. 1 (1), C.177-209. https://dergipark.org.tr/en/pub/aicusbed/issue/1518/18673
12. Manaz A. Dünyada ve Türkiye'de siyasal islamcılık. -Ankara: Ayraç yayınları. 2005. C.775.
13. Fuller G.E. Siyasal islamın geleceği. Çev. M.Acar. –İstanbul: Timaş yayınları. 2005. C.352.